- Чыгымдардын сметасында эмгекти коргоо жана эмгек коопсуздугу боюнча иш-чараларды финансылоо үчүн билим берүүгө кетүүчү чыгымдардын кеминде 0,2%и өлчөмүндөгү чыгашаларды кароого;

- Жумуш орундарын аттестациялоо жүргүзүүгө жана анын натыйжалары боюнча профсоюз комитетинин пикирин эске алуу менен белгиленген тартипте жана мөөнөттөрдө эмгекти коргоо жана эмгек коопсуздугу боюнча иштерди жүзөгө ашырууга

- Ишке кабыл алынган, ошондой эле башка ишке которулган кызматкерлердин бардыгы менен эмгекти коргоо, балдардын өмүрүн жана ден соолугун сактоо, иштерди аткаруунун коопсуз ыкмаларына жана жолдоруна окутууга, жабыр тарткандарга алгачкы жардам көрсөтүү боюнча окутуу жүргүзүүгө жана нускама берүүгө.

- Эмгекти коргоо боюнча нускаманы бекитүүгө, алардын кызматкерлер тарабынан сакталышын камсыз кылууга, өндүрүштүк кырсыктарга өз убагында тергөө жүргүзүүгө (КР Эмгек кодексинин 223-ст.).

- Кызматкерлерди милдеттүү алдын-ала жана мезгил-мезгили менен медициналык кароодон өтүшүн камсыз кылууга ;

- Эмгекти коргоо боюнча ыйгарым укуктуу адамды бекитүүгө, кызматкерлердин өкүлдөрүн эмгекти коргоо боюнча комиссияга жиберүүгө, өз убагында окутууга милдеттенет.

**Профсоюз:-** Профсоюздун мүчөлөрү жана башка кызматкерлер үчүн спорттук - ден соолукту чыңдоочу иш-чараларды уюштурууга;

- Кызматкерлердин балдарынын ден соолугун чыңдоо боюнча иш жүргүзүүгө;

- КР мыйзамдарына ылайык кызматкерлердин эмгегин коргоо боюнча шарттарды жакшыртууга жана иш-чараларды өткөрүүдө коомдук көзөмөлдү жүзөгө ашырууга;

- Жумуш берүүчү менен эмгек жааматынын атынан календарлык жылга эмгекти коргоо жана эмгек шарттарын түзүү боюнча макулдашуу кабыл алууга;

- Эмгек шарттарына көз карандысыз экспертиза жүргүзүүгө, жана кызматкерлердин коопсуздугун камсыз кылууга жана жумуш орундарын аттестациялоону жүргүзүүгө;

- Кырсыктарды тергөөгө катышууга, ошондой эле аларды өз алдынча тергөөнү жүзөгө ашырууга;

- Кызматкерлердин өмүрүнө жана ден соолугуна түздөн-түз коркунуч келтирилгенде, жумуштарды токтотуу талабын коюуга;

- Эмгекти коргоо боюнча ченемдик талаптарды бузууда күнөөлүү болгон кызмат адамдарын жоопко тарттуу жөнүндө сунуштар менен тиешелүү органдарга кайрылууга милдеттенет.

## 7. Социалдык жеңилдиктер жана кепилдиктер

**Тараптар:** - Билим берүү кызматкерлерине төмөндөгү себептер боюнча акы төлөнүүчү бош күндөрдү берүүгө:

- кызматкер никеге турганда -3күн;
- балдары, ата-энеси, жубайы, жубайлар каза болгондо-3 күн,
- пенсиялык куракка жеткенден кийин, биринчи жолу өз калоосу менен бошогон кызматкерлерге, курагы боюнча мөөнөтүнөн мурда эмгектик пенсияга чыгуу укугуна ээ болгон кызматкерлерге тарифтик чендин (маянанын) өлчөмүндө материалдык жардам төлөп берүүгө макулдашышты.

**Профсоюз комитети:** - Профсоюздун мүчөлөрүнө турак-жай, жер участкаларын алууга, коммуналдык чыгымдарды жабуу маселесин жергиликтүү бийлик органдары менен биргеликте жүзөгө ашырууга жана башка социалдык-тиричилик маселелерин чечүүдө көмөк көрсөтөт;

- Аларга даректүү социалдык колдоо көрсөтүү үчүн аз камсыз болгон, анын ичинде оорусу катуу кызматкерлер, жалгыз бой энелер, үч жана андан ашык баласы бар кызматкерлер, жалгыз бой пенсионерлер жана башкалар жөнүндө маалыматтык журналын түзөт;

- Социалдык камсыздандыруу каражаттарын чыгымдоого көзөмөлдүктү жүзөгө ашырат, санаториялык дарылануу маселелерин чечүүгө көмөк көрсөтөт;